# Улуу Жениш кvнvнvн урматына

Улуу Жениш кvнv совет элине кандай эрдик менен келгенин фронтто кызмат отогон, орукта эмгектенген ата-энелерибиз эн жакшы билишет. Андагы легендарлуу Панфилов дивизиясынын баатырларынын коргозгон эрдигин азыркы кvнго чейин, улам кийинки муунга насаат катары айтып келебиз.

Чолпонбай, Дvйшонкул аталарыбыз жеткирген Жениш майрамын белгилоо ыйык милдетибиз. Улуу кvндvн урматына Кыргыз Республикасынын ИИМнин Академиясы дагы бир катар иш-чараларды откорvштv.

Согуш бvтот музыка бvтпойт деп жоокерлер дайыма ырдоо менен оздорvно дем-кvч топтошконун, ал турсун дивизияларды кыдырып артистер концерт тартуулашканын угуп эле жvробvз. Ошол себептен Академияда салтка айланып калган "Саптык ырлар" кароо-сынагы бул жылы Улуу Жениш кvнvн утурлай 6 – майда откорvлдv. Катышкан сегиз рота кыргызча жана орусча мекенге арналган ыр саптарын аткарышып, майрамдык марш менен отvштv. Жыйынтыгында мыкты аткаруу чеберчилиги жана катарга тизилvv боюнча 2 – курстун 1 – ротасы 1 орунга ээ болду. Экинчи орунга 1 – курстун 2 – ротасы ал эми vчvнчv орунга 4 – курстун 1 – ротасы ээ болушту.

Ал эми 7 – 8 – май кvндорv оздvк курам арасында футболдук беттешvv откорvлдv. Эки айлампа менен откон мелдеште 1 – орунга Кvндvзгv окуу факультетинин офицерлери, экинчи орунга Кылмыш-жаза укук кафедрасы жана Мамлекеттик укуктук сабактар кафедрасынын окутуучуларынан куралган командасы ээлесе, vчvнчv орунду Административдик укук жана административдик ишмердvvлvк кафедрасы менен Кылмыш жаза процесс кафедрасынын курама командасы алды.

Каардуу согуш башталганда Кыргызстандын жаш уландары кандуу майданга жоноп, айыл жерлерде кары-картандар менен жаш улан-кыздар калган. Ошондо бала экенине карабастан жоокерлердин, айылда калган элдин камын ойлоп кичинекей болуп туруп

чон жумуштарды аткарган оспvрvм балдардын эмгеги зор. Алар азыр сексенден ашкан чон-ата, чон-апа болушту. Ошондогу кыйын кырдаалды жон-териси менен сезген орукта кызмат отогон ардагерлерибизди биз дагы урматтап майрамдык жолугушууга чакырдык.

8 – май кvнv Академиянын жыйындар залында оздvк курам, курсанттар жана сырттан окуу факультетинин угуучулары менен ички иштер кызматынын ардагери, ИИМнин Академиясынын ардактуу ак сакалы, отставкадагы милициянын полковниги Э.Усубалиев жана Бишкек шаарынын Свердлов районун ардагерлер кенешинин мvчосv А.Раимкулов менен кездешvvсv откорvлдv. Жолугушууда ардагерлер балалыгын арнаган согуш кvндорvн эске салышып, ал кvн менен бvгvнкv кvндv салыштырып келечек укук коргоочуларга туура жол коргозvп, насаат кептерин айтышты. Курсанттар болсо оздорvн кызыктырган суроолоруна жооп алышып, аталарыбыздын биз vчvн жасаган эмгектери vчvн ыраазычылыктарын билдиришти. Андан сон ардагерлер майрамдык дасторкондон даам сызып, жетекчиликтин  чакан белектери менен узашты.

Бул иш –чаралады откорvv менен тынып калбастан Академиянын Сырттан окуу факультетинин кызматкерлери “Аламvдvн-1” жана “Кууручулар шаарчасы” кичи райондорунда жашаган  11 согуштун ардагерлеринин  vйлорvно  барып, куттуктап, атайы арналган белектерин берип келишти.

Ал эми 9 – май кvнv Жениш аянтында откон салтанаттык жvрvшто Кыргыз Республикасынын Куралдуу кvчторvнvн катарын толуктап Академиянын курсанттары дагы отvштv.

Ошондой эле майрам кvнv 200 курсант жана офицерлер борбордук кочолордо тартипти сактоону козомолго алып турушту.

ИИМдин Академиясынын басма-соз кызматы


ИИМинин
АКАДЕМИЯСЫ